# КЫРГЫЗ-ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИ
жана
# ОШ МАМЛЕКЕТТИК ПЕДАГОГИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ
# ОРТОСУНДАГЫ КЫЗМАТТАШТЫК ЖӨНҮНДӨ ПРОТОКОЛУ

## МАКСАТ

### 1-БЕРЕНЕ

Кыргыз-Түрк «Манас» университети жана Ош мамлекеттик педагогикалык университети ушул Протоколдун алкагында эки университеттин ортосундагы өз ара кызматташуу жана тыгыз байланышты өркүндөтүү максатында таалим–тарбия жана билим берүү тармагында төмөндөгү чечимдерди кабыл алышты.

## ТАРАПТАР

### 2-БЕРЕНЕ

Кыргыз-Түрк «Манас» университети жана Ош мамлекеттик педагогикалык университети ушул Протоколдун Тараптары болуп саналат.

## МАЗМУНУ

### 3-БЕРЕНЕ

Тараптар эки университеттин окутуучуларын, изденүүчүлөрүн, изилдөөчүлөрүн, студенттерди, магистранттарды жана аспиранттарды алмашуу боюнча иш жүргүзүшөт.

### 4-БЕРЕНЕ

Тараптар илимий байланыштарды чыңдоо максатында орток изилдөө проблемаларын аныктоо менен аларды чечүүгө багытталган долбоорлорду иштеп чыгып, жүзөгө ашырышат.

### 5-БЕРЕНЕ

Тараптар өткөрө турган илимий жана маданий иш-чаралары (илимий-практикалык конференция, симпозиум, тегерек стол, семинар, студенттик олимпиадалар ж.б.у.с.) жөнүндө маалымат менен өз ара алмашып турушат жана мындай иш-чараларды биргелешип уюштурушат.

### 6-БЕРЕНЕ

Тараптар эл аралык байланыштар жана кызматташуунун мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө өз ара маалымат беришет жана ошол мүмкүнчүлүктөрдөн пайдаланууда бири бирине көмөк көрсөтүшөт.

### 7-БЕРЕНЕ

Тараптар илимий монография, аналитикалык билдирүүлөр, периодикалык жана башка түрдүү басылмалар, электрондук булактар менен өз ара алмашып турушат.

**8-БЕРЕНЕ**

Ушул Протоколдун алкагындагы программаны ишке ашыруунун баскычтарында Тараптар ар бир программа боюнча өзүнчө келишимдер түзүшөт. Протоколдогу иш-чаралар боюнча атайын программалар түзүлүп, аны ишке ашыруу максатында керектүү документтер камсыздалат.

**9-БЕРЕНЕ**

Ар бир Тараптан протоколдун алкагындагы иш-чаралардын аткарылышын көзөмөлдөө жаатында жооптуу жетекчилер бекитилип, илимий-экономикалык талаптарга ылайык иш жүргүзөт. Долбоорго катышкан илимпоздордун илимий укугу чектелбестен, орток изилдөөлөрдүн жыйынтыгы эки тараптан тең биргелешип, адилеттүү жүргүзүлүшөт.

**10-БЕРЕНЕ**

Протоколдогу чечимдерди аткаруу процессинде тараптар өздөрүнүн мамлекеттик мыйзамдарынын чегинде иш алып барат. Жогоруда белгиленген иш чаралардын бардык түрлөрү мамлекеттердин мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

**11-БЕРЕНЕ**

Ушул Протокол кыргыз тилинде 2 (эки) нускада даярдалып, эки мекеменин жетекчилери тарабынан кол коюлган күндөн баштап өз күчүнө кирет. Тараптар бири-бирине 6 (алты) ай мурун жазуу жүзүндө билдирүү менен бул келишимди жокко чыгара алышат.

Ушул келишим өз күчүн жоготкон учурда, тараптар жүргүзүлүп жаткан иш-чараларды бүтүрүүгө милдетүү болуп саналат.

**ИШКЕ АШЫРУУ**

**12-БЕРЕНЕ**

Ушул Протоколдун аткарылышына Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин жана Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин жетекчилиги жооптуу.

Күнү: 24 / 11 / 2023

**Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин**
атынан

**Жейлан А.**
Ректор

**Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин**
атынан

**Зулуев Б. Б.**
Ректор